


СӨЗ
Тыбыштан же тыбыштардын тизмегинен турат.
Кандайдыр бир маанини билдирет.
Бир нерсени атап көрсөтүп, аны башка нерселерден бөлүп турат.


Фразеоло-
гизмдер
Архаизмдер
Терминдер
ЛЕКСИКА
Диалектилик
сөздөр
Неологизмдер
Кесиптик сөздөр


Фразеологизмдерге мүнөздүү белгилер
Компоненти жана мааниси туруктуу
Лексика-семантикалык жактан ажырабастыгы, бүтүндүгү
Образдуу
Кепте даяр колдонулат
Сүйлөмдө бирдей сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарат

Фразеологизмдер

- Эр жетүү
- Тебетейин көккө ыргытуу
- Акма кулак
- Кара кылды как жарган
- Колу ачык
- Куурай башын сындырбоо
- Бети кызаруу

Эквиваленти

# Сөз жасоонун жолу

**Морфологиялык**

**Мисалы:**

**-чы- эл+чы=элчи;**

**-ла- чапкы+ла=чапкыла**

**-лык- бала+лык= балалык**

**-мак-бар+мак=бармак**

**Лексика-семантикалык**

**Мисалы:**
**тамыр(өсүмдүкүн тамыры),**

**математикалык тамыр, кан тамыр, сөөк тамыр**

**( тууган-туушкан)**


**Синтаксистик**

**Мисалы: темир жол, басма сөз, жер-суу, бак-дарак**

**КТУ (Кыргыз техникалык университети), Кара-Балта**

# ЖАКШЫЛЫК  деген эмне?

- *Боорукердик*
- *Өз ара жардамдашуу*
- *Улуу-кичүүнү сыйлоо*



# Этиштин чактары

## Учур чак

*ууда:*
**Тапшырманы аткарууда (аткарышууда)**

***-а, -е, (-й) +м:***
**Жакшы ырдайм**

***-а, -е, (-й) , -ып+***
жатат, жатам ж.б.
Чай кайнап жатат.

## Келер чак

**1. Айкын келер чак:**
***-а, (-й)+жак мүчө;***
**М:Тоого барам. Тоого барасың.**
***- а, (-й)+элек +жак мүчө;***
**М: Китепти окуй элекмин.**

**2. Арсар келер чак:** ***-ар+жак мүчө;***
**М:Сөздү угарсың.**

## Өткөн чак

**1.Айкын өткөн чак:**
***-ды+жак мүчө;***
**М: Киного барды.**

**2. Жалпы (белгисиз) өткөн чак:*****-ган+жак мүчө;*** **М: Циркке барган.**

**3.Адат өткөн чак:**
***-чу+жак мүчө;***
**М: Сабактан уктап калчу.**

**4. Капыскы өткөн чак:**
***-ып+тыр+жак мүчө, -ып +жак мүчө;***
**М: Мен түш көрүптүрмүн.**


Кайталоонун түрлөрү
Орундуу
Орунсуз
Өзгөчөлүгү: ойду толуктоо, көркөмдүгүн арттыруу
Стилдик ката болуп эсептелбейт.
Максаты: ойду так, элестүү, көркөм берүү
Өзгөчөлүгү: сүйлөмдүн стилин бузат, көркөмдүгүн төмөндөтөт
Стилдик ката болуп эсептелет.

# ПЛАН

**Жөнөкөй**

Тексттеги айтылган ойду жалпылап, негизги окуялдарды гана берүү

**Татаал**

Айтылган ойду толук, майда деталдарына чейин кеңири баяндап берүү

# КЕПТИН ТҮРЛӨРҮ

- баяндоо
- сүрөттөө
- ой жүгүртүү

# *Орунсуз кайталоону четтетүүнүн жолдору*

**Орунсуз кайталоону лексикалык жактан ондоо**

- **синонимдерди колдонуу;**
- **ат атоочторду колдонуу.**

**Интонация,**

**байламталарды колдонуу (да, дагы, же ж.б.)**

**Орунсуз кайталоону синтаксистик жактан ондоо**

- **бир нече сүйлөмдөрдү бириктирип, бир өңчөй кылып кайрадан түзүү;**
- **жөнөкөй сүйлөмдөрдү бириктирип, татаал сүйлөм түзүү;**
- **кайталаган сүйлөмдөрдү бириктирүү**

**Эске туткула:**

**Сүрөттөө автордун монологдук кебинде көп колдонулат.**
**Көркөм сүрөттөөнүн 3 негизги түрү бар:**

**портрет, интерьер, пейзаж.**

| | | |
|---|---|---|
| ***Портрет-*** ***персонаждын тышкы келбетин чагылдырган көркөм сүрөттөөнүн бир түрү*** | ***Интерье́р –*** ***имараттын ичиндеги архитектуралык жана көркөм жасалга*** | ***Пейзаж-*** ***көркөм чыгармадагы жарытылыштын сүрөттөлүшү*** |

# *Ал-абалды сүрөттөө*

**Адамдын ал-абалы:**

**Адамдын сырткы көрүнүшү, келбети, кийген кийими, тулку бою, баскан-турганы,кыял-жоругу, психологиялык абалы ж.б**

**Жалпылык:**

**Белгилүү бир учурда, убакытта, шарт-кырдаалда сүрөттөлөт.**

**Айлана-чөйрөнүн ал-абалы:**

**жаратылыш көрүнүштөрү, жаныбарлар, табияттын кубулуштары, турак-жай көрүнүшү, жашаган жердин көрүнүшү, курчап турган буюмдардын көрүнүшү ж.б.**

# Илимий стилге мүнөздүү тилдик каражаттар

## Лексикалык

Жалпы илимий терминдер: критерий, эксперимент, факт, далил, аргумент, элемент, анализ, синтез, метод, тажрыйба.

Белгилүү бир адистикке байланыштуу терминдер:
1. Тил илиминен: морфология, синтаксис, лексика,
2. Экономика илими: насыя, пайыз, инфляция, салык, күрөө, ижара, экспорт, импорт
3. Информатика илими: электрондук эсептөөчү машиналар, калькуляция

## Грамматикалык

### Морфологиялык кражаттар

Модаль сөздөр, байламталар, жандоочтор
Мисалы: демек, тактап айтканда, ушундан улам, ошондуктан , ал эми, салыштырганда, чейин, кийин, жана, караганда, ошентсе да, себеби, башкача айтканда, ж.б.

### Синтаксистик каражаттар

Татаал сүйлөмдөр, ойдун себеп-натыйжасын, жыйынтыгын билдирген багыныңкы сүйлөмдөр.

# Публицистикалык стиль

- **Эмнеге багытталат?**

- Коомдогу актуалдуу маселелерге арналат

- **Негизги максат, милдети:**

- маалыматты тез, ыкчам жеткирүү;
- окурмандардын сезимине да таасир этип, алардын баяндалган окуяга карата оң же терс

- **Кайда колдонулат?**

- Газеталарда (репортаж, интервью, очерк ж.б.)
  Радио жана телеберүүлөрдө.

# **Публицистикалык стиль**

- **Эмнеге багытталат?**

- Коомдогу актуалдуу маселелерге арналат

- **Негизги максат, милдети:**

- маалыматты тез, ыкчам жеткирүү;
- окурмандардын сезимине да таасир этип, алардын баяндалган окуяга карата оң же терс

- **Кайда колдонулат?**

- Газеталарда (репортаж, интервью, очерк ж.б.)  
  Радио жана телеберүүлөрдө.

# Публицистикалык стиль

- **Эмнеге багытталат?**

- Коомдогу актуалдуу маселелерге арналат

- **Негизги максат, милдети:**

- маалыматты тез, ыкчам жеткирүү;
- окурмандардын сезимине да таасир этип, алардын баяндалган окуяга карата оң же терс

- **Кайда колдонулат?**

- Газеталарда (репортаж, интервью, очерк ж.б.)
  Радио жана телеберүүлөрдө.

# Сөз түркүмдөрүнүн бөлүнүшү

## Маани берүүчү сөз түркүмдөрү

- Зат атооч
- Тактооч
- Сын атооч
- Сан атооч
- Ат атооч
- Этиш

## Маани бербөөчү сөз түркүмдөрү

- Жандооч
- Байламта
- Бөлүкчө
- Модаль сөздөр

## Өзгөчө сөз түркүмдөрү

- Тууранды сөздөр
- Сырдык сөздөр

# Тактоочтун сөз түркүмү катары белгилери

## Лексикалык маани

1.Мезгил
(качан?, кайсы убакта?)

2. Орун
(кайда?, кайсы жакта?)

3. Сын-сыпат
(кантип?, кимче?, кандай? )

4. Сан-өлчөм
( канча?, канчалык?)

## Морфологиялык белгилери

Уңгу сөздөргө мүчө жалганышы аркылуу жасалат.
Сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өзгөрбөйт. Өзүнө таандык сөз жасоочу мүчөлөр бар:
-ча- адамча;
-лай- ылдамдай;
-лап-айлап;
-чылап- Атайчылап;
-лата-сакалдуулата;
-ында-кышында;
-сын- кечкисин.

## Синтаксисик кызматы

- Бышыктооч

Мисалы: *Мен бүгүн эс алам.*

- Айрым учурда жандоочтук кызмат аткарат:

Мисалы:
*Азаматтан кийин мен келдим.*

# Тактоочтордун грамматикалык түзүлүшүнө жана жасалышына карай бөлүнүшү

## Түзүлүшүнө карай бөлүнүшү

***Жөнөкөй тактооч-*** **бир гана сөздөн туруп, бир маанини билдирет. Мисалы:ылдам, жай, бат, тез, кийин, чапчаң , жайында, орусча ж.б.**

***Татаал тактооч-*** **эки же андан ашык сөздөн туруп, бир маанини билдирет. Мисалы: өйдө-ылдый, чогуу-чаран, алмак-салмак, каш-кабактын ортосунда, бир жолу, эч жерде.**

## Жасалышына карай бөлүнүшү

***Тубаса тактооч***

**Өз алдынча морфемаларга ажырабаган бөлүгү. Б.а. уңгу түрүндөгү тактоочтор. Мисалы:жакшы, көп, жакын ж.б.**

***Туунду тактооч***

**Уңгу сөздөргө мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу жасалат. Мисалы: баштыктап, кечкисин, жылыга ж.б.**

***Туунду тактоочтор морфологиялык жол менен жасалат.***

***Туунду тактоочтор синтаксистик жол менен жасалат.***

.

# Туунду тактоочтун жасалышы

**Уңгу сөздөргө мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу жасалган тактоочтор *морфологиялык жол менен жасалган тактоочтор* деп аталат.**

**Эки же андан ашык сөздөрдүн айкалышып, бир бүтүндүккө айланышы аркылуу пайда болгон тактоочтор *синтаксистик жол менен жасалган тактоочтор* деп аталат**

***Мүчөлөр аркылуу:***

**-ча-балача, көзүмчө;**
**-лап- айлап, эртелеп;**
**-чылап -Аскарчылап;**
**-лай-акчалай, утурлай;**
**-лата-акчалата, токойлото;**
**-чалык-ошончолук, Адисчелик;**
**-сын-түнкүсүн, жазгысын;**
**-гы-эртеңки, бүгүнкү.**

***Айрым жөндөмө мүчөлөр аркылуу:***

**Барыш:күчкө, жылыга, күнүгө;**
**Жатыш: мурда, күндө;**
**Чыгыш: эзелтен, жанатан.**

1. ***Кош сөздөрдөн: бат-бат, ачык-айрым;***
2. ***Кошмок сөздөрдөн:* ар убак, эч качан;**
3. ***Бириккен уңгулардан:* бүгүн, небак, өгүнү;**
4. ***Фразеологиялык бирдиктерден:* көзду ачып-жумгуча,айта-буйта дегиче.**

# Тактоочтор

## Маанисине карай бөлүнүшү

- Мезгил
- Орун
- Сын-сыпат
- Сан-өлчөм

## Мезгил тактооч

Кыймыл-аракеттин кандайдыр бир белгинин боло турган мезгилин көрсөтүп, качан?, качантан бери?, кайсы кезде?, качанга чейин? деген суроолорго жооп берет.

Мисалы: азыр, анан, ар дайым, ар убак, ар качан, бүгүн, эртең, эрте, башта, анда-санда, күндө-күндө, жана, кечке, кез-кезде, күндүз, анда эми, эртели-кеч ж.б.

## Мезгил тактооч

**Кыймыл-аракеттин кандайдыр бир белгинин боло турган мезгилин көрсөтүп, качан?, качантан бери?, кайсы кезде?, качанга чейин? деген суроолорго жооп берет.**

**Мисалы: азыр, анан, ар дайым, ар убак, ар качан, бүгүн, эртең, эрте, башта, анда-санда, күндө-күндө, жана, кечке, кез-кезде, күндүз, анда эми, эртели-кеч ж.б.**


# Орун тактооч

**Орун тактооч**

Кыймыл-аракеттин боло турган ордун, багытын көрсөтөт да, кайда? кайсы жакта? кайсы жакка? деген суроолорго жооп берет.

Мисалы: ары, алга, артка, алды-артында, алда кайда, алда кайдан, алды-артынан, алды-артынан бери, ары-бери, илгери, жогору, төмөн, анда-мында, мында ж.б.

# Сын-сыпат тактооч




***Мисалы: акырын, аста, адамча, айбанча, тымызын, тез, дароо, бат, ылдам, жай, бирге, бетме-бет, оозмо-ооз,адатынча, мурункусунча, өзүнчө, кайра, кайта, араң-араң, зорго, бекер, жайбаракат, ээн-эркин ж.б.***

# Сан-өлчөм тактооч

Кыймыл-аракеттин сан-өлчөм жактан өзгөчөлүгүн билдирип, канча?, нече?, канчалап?, нечелеп? деген суроолорго жооп берет.

Мисалы: аз-маз, саал, ушунчалык, аз-аздан, ошончолук, саал-пал, бир-бирден, көп-көптөн ж.б.

## Тактоочтордун жазылышы

### Жөнөкөй тактоочтор

Бат, ылдам, тез, адамча, өйдө, жогору, илгери, мында, артка, эртең, быйыл , бекер, бат ж.б.

### Татаал тактоочтор

**Кош сөз түрүндөгү тактоочтордун арасына сызыкча белгиси коюлат**

Өйдө-төмөн, анча-мынча, аз-аз, араң-араң, күн-түнү, чогуу-чаран, жайды-жайлай, эртели-кеч, каршы-терши, чала-була, алмак-салмак ж.б.

**Кошмок сөз түрүндөгү тактоочтор сызыкча белгиси коюлбайт.**

эртең менен, бир кезде, эч убакта, алда кайдан, арандан зорго, түштөн кийин, бир паста ж.б.

# Тууранды сөздөр

## Лексикалык маани

*1. Кипариса ха-ха-ха деп боору эзилгенче күлдү.*

2. Эшиктен шырт-шурт деген дабыш угулду.

3. Асмандан жылт-жулт этип жылдыз түштү.

## Морфологиялык белгилери

Тууранды сөздөргө төмөнкү мүчөлөр уланат:-а+ып, -ылда, -ылдап, -ыра, -кыра, -кыра+п.

**Мисалы:** калдыр+а+ п, жарк+ылда, тып+ылдап, жылт+ыра, чырк+ыра, чыр+кыра, *кырк+кыра+п.*
Бул түрүндө *эт*, *де* жардамчы этиштери менен да жасалат.

## Синтаксистик кызматы

- ээлик: Күбыр-шыбыр токтоду.
- баяндоочтук: Үйдүн ичи ызы-чуу.
- аныктоочтук: Чыйпылдаган балапандын үнү угулду.
- толуктоочтук: Акын ызы-чуу менен опур-топурду көп жактырчу эмес.
- бышыктоочтук: Досум жарк этип күлдү.

# Тууранды сөздөрдүн түзүлүшүнө карай бөлүнүшү

**Түзүлүшүнө карай бөлүнүшү**

***Жөнөкөй тууранды сөздөр-*** бир гана сөздөн турат же ***эт, де*** жардамчы этиштери менен да жасалат.
**Мисалы:** Мылтык тарс атылды.
Мылтык тарс деди.

***Татаал тууранды сөздөр-*** эки же андан ашык сөздөрдөн жана ***эт, де*** жардамчы этиштери менен да жасалат.
**Мисалы:** Суу күркүрөп-шаркырап агып жатты. Сырттан шып-шуп этип кирип келди.

**Татаал тууранды сөздөр мааниси жагынан 3 топко бөлүнөт:**

Эки компонентинин экөө тең толук маанилүү сөздөр: кыйкылдап-чыйкылдап, эпилдеп-жапылдап, калдыр-кулдур.

Эки компонентинин бирөө маани бербей турган сөздөр: шак-шук, даңк-дуңк, кобур-собур.

Эки компонентинин экөө тең маани бербеген сөздөр: жаң-жуң, элтең-селтең, ызың-кызың.

# Тууранды сөздөрдүн манисине карай бөлүнүшү

**Табыш тууранды сөздөр-** ар түрдүү жан-жаныбарлардан , адамдардан жана айрым заттардан чыккан табышты жакындаштырып туурап көрсөтөт.

1. Адамдардан чыккан табыш тууранды сөздөр.
   Мисалы: Анын шыңк деп күлгөнү угулду.
   Сүйүнгөнүнөн алаканын шак-шак чапты.

2. Жаныбарлардан чыккан табыш тууранды сөздөр.
   Мисалы: Иттин бутуна таш тийип, каңк этти.
   Каак-каак деп каргалар суукту чакырып жаткансыйт.

3. Жансыз заттардан чыккан табыш тууранды сөздөр.
   Мисалы: Тып-тып эткен жамгыр кулакка угулуп жатты.
   Жыйылган жүк күп деп кулады.

**Элес тууранды сөздөр-** заттардын сырткы көрүнүшүнө же кыймыл-аракетине байланыштуу элести билдирет.

1. Заттардын кыймыл процессиндеги сырткы көрүнүшү жөнүндөгү элестөөлөрдү билдирүүчү сөздөр.
   Мисалы: Аңгыча балпаң-балпаң басып аюу келди. Келген киши көпкө чейин багжаң-багжаң сүйлөп отурду.

2. Кыймыл-аркеттин тездигин билдирүүчү сөздөр.
   Мисалы: Укканын шак жазды. Көзүнөн жаш мөлт дей түштү.

**Туюм тууранды сөздөр-** туюу сезиминин (дене, жыт, даам) негизинде пайда болот.

Мисалы: Жүрөгү бир <u>болк</u> этип, бир <u>тыз</u> этип турду. (Б.У.) Аны көргөндө денем <u>дүр-р</u> дей түштү.(«А»)

# Тууранды сөздөрдүн жазылышы

Сүйлөмдө тууранды сөздөр «эт», «де» деген жардамчы этиштер менен келсе, бөлөк жазылат.

Кайталанып айтылган тууранды сөздөрдүн арасына дефис коюлуп жазылат.

Тууранды сөздөргө – а,-ай, -ылда, -ла, -кыра, ыра деген сөз жасоочу мүчөлөр уланып этиш сөздөр жасалат жана эч кандай тыныш белгисинин коюлушун талап кылбайт.

Мисалы:
Шыңгыр этип коңгуроо кагылды.
Машина кыйк деп барып токтоду.

Мисалы:
Сырттан лып-лып этип кирип келди.
Чалканга чактырган колу тыз-тыз дей түштү.

Мисалы:
Иниси билинер-билинбес күңкүлдөдү.
Эскилиги жеткен арабанын дөңгөлөктөрү калдырады.

# Сырдык сөздөр

**Сырдык сөздөр-** адамдын ички сезимдерин жана айбанатка карата болгон эрктик мамилесин билдирет.

**Сырдык сөздөрдүн башка сөз түркүмдөрүнөн айырмачылыгы**

Лексикалык маанилик жактан адамдын түрдүү эмоционалдык сезимдерин ( кубануу, өкүнүү, таң калуу ж.б) билдирет.
**Мисалы:** Бах, бүгүн күн кандай керемет! Дыр-р, токто, Керкашка.

Морфологиялык жактан сырдык сөздөргө сөз жасоочу мүчөлөр уланбайт. Айрым учурда сөз өзгөртүүчү мүчөлөр уланат.
**Мисалы:** Ой тобо, ушундай да болот экен ээ. Ырлары укмуш эмес беле, чиркиндин!

Сүйлөм мүчөлөрү менен байланышпайт жана сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарбайт.
**Мисалы:** Кокуй, биз концерттен кечигип калыптырбыз.
Пай-пай! Үйүңдү келтире салыптырсың!

# Сырдык сөздөрдүн маанисине карай бөлүнүшү

**Ички сезимди билдирүүчү сырдык сөздөр**

Сүйлөөчүнүн ар түрдүү ички сезимин, анын айлана-чөйрөгө, тыңдоочусунун кыймылына, сөзүнө карата болгон мамилесин билдирет.

**Эркти билдирүүчү сырдык сөздөр**

Сүйлөөчүнүн кеби кимди көздөй айтылгандыгына жараша эрктик мамилени билдирет.
Алар 2 топко бөлүнөт:
1.Адамга карата айтылуучу эрктик сырдык сөздөр.
2. Адамдын айбанатка карата болгон эрктик мамиледе айтылуучу сырдык сөздөр.

**Турмуштук мамилени билдирүүчү сырдык сөздөр**

Адамдын турмуш-тиричилигинде, ар кандай шарттарда (коштошуу, учурашууда, жооп берүү, ал –абал суроо, көрүшүү, ыраазы болуу, канааттануу) колдонулат.

Мисалы: Бах, көлдүн чалкып жатканын карачы!

Мисалы: Тек, ушундай адатыңды токтотчу!
Так-так! Токто, Чабдарым.

Мисалы: Кудай жалгагыр, келип калганың жакшы болду.

## Сырдык сөздөрдүн жазылышы

Жеке сөз түрүндөгү сырдык сөздөр: бали, кап, тобоо ж.б.

Кошмок сөз түрүндөгү сырдык сөздөр: бале баскыр, кайыр кош, багын ачылсын ж.б.

Кош сөз түрүндөгү сырдык сөздөр: пай-пай, так-так, кыты-кыты
Кош сөз түрүндөгү сырдык сөздөрдүн ортосуна сызыкча коюлуп жазылат

## Сырдык сөздөрдүн тыныш белгилери

Сырдык сөздөр сүйлөмдүн башталышынан орун алса, үтүр белгиси коюлат.
М: *Кап, мен жетишпей калбадымбы.*

Сырдык сөздөр сүйлөмдүн ортосунда келсе, эки жагынан тең үтүр менен ажыратылат.
М: *Ишенсеңер, кудай урсун, мен калп айткан жокмун.*

Сырдык сөздөр сүйлөмдүн акырынан орун алса, үтүр белгиси өзүнөн мурда коюлат.
М: *Анын көңүлүнө эми араң жаккан экенсиң да, и-э.*

Сырдык сөздөр күчтүү сезим менен айтылса, илеп белгиси коюлуп жазылат.
М: *Ой, боой! Анык жумушуңар эми башталат экен да.*

# Этиштин өзгөчө формалары

Этиштин өзгөчө формалары: атоочтуктар, чакчылдар, кыймыл атоочтор. Алар негизги этиштерге белгилүү мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу уюшулат жана кандай?, кайсы?, кантип?, качан?, эмне кылуу? деген суроолорго жооп берет

## Атоочтуктар

Кыймыл-аракеттин атоочтук (заттык, сын атоочтук), белгилерин көрсөтөт.

Уюштуруучу мүчөлөр:
-ган, -ар,
-бас, -оочу, -уучу
(-чу), -а// е// -й+элек

## Чакчыл

Кыймыл-аракеттин этиштик, тактоочтук белгилерин көрсөтөт.

Уюштуруучу мүчөлөр:
- а,-е, -й,
-ганча, -гыча, -ып,
-майынча,
-ганы

## Кыймыл атооч

Кыймыл-аракеттин заттык белгилерин көрсөтөт.

Уюштуруучу мүчөлөр:
-оо, -өө, -уу,
-ыш, -мак, -май

**Атоочтуктар**

Лексикалык мааниси
Кыймыл-аракетти заттын белгиси катары көрсөтүп, этиштик менен сын атоочтук касиетке ээ болгон , өзүнө тиешелүү мүчөлөр менен өзгөргөн сөздөр атоочтук деп аталат.


*Мисалы:*
**Окуган** адам алдыга озот.

Морфологиялык белгилери
Жак мүчөлөр менен өзгөрбөйт.Этиштик касиетке ээ болот да, этиштин мамиле категориясы жана этиштин терс формасын кабыл алат.

**Мисалы:**
Аянтчада **ойноп жатышкан** балдардын күлкүсү угулду.
**Иштебеген** адам тиштебейт.

Синтаксисик кызматы
Сүйлөмдө көбүнчө аныктоочтук милдетти аткарат.

**Мисалы:**
**Иштеген** киши карыбайт.


ырдабас
ырдаган
ырдоо-
чу
ырдап
жаткан
**ырда**
ырдай
элек
ырда-
гыс
ырдаба-
ган
ырдаар


Атоочтуктун мүчөлөрү үңгү этишке уланып жасалат
Кыймыл-аракетти билдирет
Үч чактык маанини билдирет
Этиштин мамиле мүчөлөрүнөн кийин уланат
Атоочтуктун алдындагы сөздү жөндөмө жана жандоочтор аркылуу башкарат
ЭТИШ
АТООЧТУКТАР
СЫН АТООЧ
Заттын кыймыл-аракеттик белгисин билдирет
Баяндоочтон башка бардык сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарат
Кандай? Кайсы? суроолоруна жооп берет
-лар мүөсү менен өзгөрөт
Аныктоочтук милдетти аткарат
Таандык мүчөлөрү менен өзгөрөт

**Атоочтуктун мүчөлөрү уңгу этишке уланып жасалат**

Ук+ган бала

Сөздү <u>*уккан*</u> бала сыйга ээ болот.

**Кыймыл-аракетти билдирет**

Сөзгө <u>*жыгылбас*</u> чечендин өнөрүн көрдүк.

**Үч чактук маанини билдирет**

<u>*1. Көрүп бүткөн*</u> киносу болчу.

<u>*2. Көрө элек*</u> кино болот.

<u>*3. Көрүп жаткан*</u> киносу башталды.

**Этиштин мамиле мүчөлөрүнөн кийин уланат**

Этиштин мамилелери:

1. *Негизги мамиле: бас+ган, бар+ар, бас+уучу ж.б.*
2. *Өздүк мамиле: жуу+ын+ган= жуунган, жуун+бас, жуун+максан ж.б.*
3. *Кош мамиле: бер+ыш=бериш, бер+уучу=берүүчү ж.б.*
4. *Туюк мамиле: бас+ыл=басыла элек, басыл+бас, басыл+а+турган ж.б.*
5. *Аркылуу мамиле: отур+гыз=отургузган, отургуз+а +элек ж.б.*

**Атоочтуктун алдындагы сөздү жөндөмө жана жандоочтор аркылуу башкарат**

*Үйдө калуучуларга эт тартылды.*

<u>*Чапкан сайын*</u> аттар арышын илгерилете берди.

| | |
|---|---|
| ***Заттын кыймыл-аракеттик белгисин билдирет*** | **Ат баспаган жерге чейин барышты.** |
| ***Кандай? Кайсы? Суроолоруна жооп берет*** | **Окула элек жомокту окуп баштады.** <br> **Болбос ишке кайгырба.** |
| ***Аныктоочтук милдетти аткарат*** | **Асман мелжиген булуттар көрүнө баштады.** |
| ***Таандык мүчөлөрү менен өзгөрөт*** | **Билгениң –беш, билбегениң-он беш.** |
| ***-лар мүчөсү менен өзгөрөт*** | **Жеңишине сыймыктангандар кубанып жатышты.** |
| ***Баяндоочтон башка бардык сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарат*** | **Сыр сактабаска сыр айтпа** |

# Атоочтуктардын жасалышына карай бөлүнүшү

**Жасалышына карай бөлүнүшү**

Морфологиялык жол менен жасалышы

Синтаксистик жол менен жасалышы

Атоочтуктар төмөндөгүдөй мүчөлөрдүн жардамы менен жасалат:

-ган: чуркаган, *чуркабаган (адам)*

-ар: *чуркаар, көрөр, келер, сүйлөөр*

-бас: *чуркабас, күлбөс, жазбас, сынбас*

**-оочу,** *өөчү: байкоочу иштөөчү (адам)*

**-уучу,-үүчү,-үчү,-чү:** аткар*уучу-аткарчу-басчу (адамдар)*

-а(е), й + жаткан, турган, жүргөн: бара жаткан (аталар) уктай турган, ала кеткен ж.б.

-а(е), й +элек: бара элек (кыздар), тандай элек (карыялар)


-ып+жүргөн: басып жүргөн (тоолор), түшүп жүргөн (көл) ж.б.

-гыдай: кубангыдай, бергидей, аткаргыдай (иш)

-максан+сал, бол, киши, адам ж.б. көрмөксөн билмексен (киши) ж.б.

Атоочтуктар да эки же андан ашык сөздөрдүн айкалышып айтылышы аркылуу жасалат.

Мисалы: угуп көргөн (уламыштар), көрөр - көрмөксөн ( адамдар), (жер), баруучу-келүүчү (достор) ж.б.


1. Сырдык сөз , Сүйлөм .
2. Сүйлөм , Сырдык сөз , Сүйлөм .
3. Сүйлөм , Сырдык сөз .
4. Сырдык сөз ! Сүйлөм .

# Чакчылдар

**Лексикалык мааниси**

Этиш сөздөрдүн ар түрдүү кырдаалын , кыймыл-аракеттик белгисин билдирет

Мисалы:
Тамашага **күлүп** калышты.

**Морфологиялык белгилери**

Чакчылдарды уюштуруучу атайын грамматикалык каражаттар бар. Алар: -*ып*, -*а*, -*й*, -*ганы*, -*ганча*, -*гыча*, -*майынча*.

Мисалы:
Биз үйгө **жеткени** калдык.

**Синтаксисик кызматы**

Сүйлөмдө нагыз чакчылдар бышыктоочтук милдетти аткарса, ал эми татаал этиштин тутумда келсе, баяндоочтук милдетти аткарат.

Мисалы:
Жылдыздарга **суктанып** отурду.

Поезд ордунан козголо баштады.

# Чакчылдар менен тактоочтордун окшоштуктары жана айырмачылыктары

## Окшоштуктары

| Чакчылдар | | Тактоочтор |
| --- | --- | --- |
| 1. Кыймыл-аракеттин белгиси катары келип, түрдүү кырдаалын билдирет. | Байкесине *жолукканы (эмнеге?)* кетти. | Киного *кечинде (качан?)* барабыз. |
| 2.Морфологиялык жактан өзгөрүүгө учурабайт. | Сезимдерин ыр менен *төгүп* турду. | Окуя *заматта (качан?)* болуп өттү. |
| 3. Сүйлөмдө бышыктоочтук милдетти аткарат. | Ал көргөн көзүнө *ишенбей* карап турду. | Көк майсаңга *чалкалап (кантип?)* жатты. |
| 4. Чакчылдар кээ бир белгилери боюнча тактоочко жакындашат жана негизги кыймыл-аракеттин аткарылыш максатын, себебин, мезгилин, абалын билдирет. | Күн *жылый* түштү | Чоң ата неберелерине *жай* сүйлөдү. |

## Айырмачылыктары

| Чакчылдар | | Тактоочтор |
| --- | --- | --- |
| 1. Чакчылдарды жасоочу сөз жасоочу мүчөсү жок, ал эми тактоочтордун сөз жасоочу мүчөлөрү бар. | Кылган эрдигине *мактан+а* сүйлөдү. | Алыстан *кол булгалап (кантип?)* чакырды. |

***-ганы, (гени, -гону, -гөнү,-каны, -көнү, -кени, -кону мүчөлөрү***

**Чакага суу *толгону* калды.**

***-гыча мүчөсү***

**Көзүнөн жаш *чыккыча* күлдү.**

***-майынча мүчөсү***

**Музыка *жаңырмайынча*, ырчы ырдабады.**

***-гычакты мүчөсү***

Таң ***аткычакты*** көз ирмеген жок.

-ып, (ип, -уп, -үп, -п) мүчөсү

Төрдө атамдын тебетейи ***илинип*** турчу.

-й мүчөсү

Адилет табышмактын жандырмагын ***таба*** албай койду.

-ганча, (-генче, -гончо, -гөнчө) мүчөсү

Кара чыйырчыктар учуп ***келгенче,*** уя жасап койдук.

*а, (-е, -о, -ө) мүчөсү*

Достор менен жолугушууга шашып ***бара*** жаттык.

# Кыймыл атоочтор

**Лексикалык мааниси**

Кыймыл-аракеттин, ал-абалдын же кыймыл жүрүшүнүн (процессинин) атын, аталышын билдирүүчү этиштик туунду формалар кыймыл атоочтор деп аталат.

*Мисалы:*
Адамда ***бузулуу*** оңой болот, ал эми ***оңолуу*** кыйын.

**Морфологиялык белгилери**

Кыймыл атоочторду уюштуруучу атайын грамматикалык каражаттар бар.
Алар: *-оо (-өө), -уу (-үү), -ыш (-иш, -уш, -үш), -мак (-мек, -мок, -мөк), -май (-мей, -мой, -мөй)*

Мисалы:
Кел ***демек*** бар, кет ***демек*** жок.

**Синтаксисик кызматы**

Сүйлөмдө ээлик, толуктоочтук милдетти аткарат.

Мисалы:
Ойлонбой ***сүйлөй берүү*** өзүңө зыянды алып келет.
Элдин баары ***колдоону*** күтүп турду.

# Кыймыл атоочтордун атоочтук белгилери

| Кыймыл атоочтор | | Мисалы |
|---|---|---|
| 1. Кыймыл-аракет маанисин эмес атооч маанисин билдирет.<br>Мисалы: *Жакшы болуу аста-аста, жаман болуу бир паста.* | *тик> тигүү-; көр> көрүү-; бил > билиш-; бар > бармак- ж.б.* | Жазында көп бак тиктик(этиш).<br>Короого бак тигүү (кыймыл атооч)бизге жагат. |
| 2.Зат атоочтун категориялары менен өзгөрүүгө да жөндөмдүү.<br>*Таандык болуп өзгөрөт* | Жекелик сан<br>I жак басуум<br>II жак басууң<br>III жак басуусу<br>Көптүк сан<br>I басуубуз<br>II басууңар<br>III басуусу | Барган сайын басуусу арбыды. |
| Жөндөлөт | А. конуу<br>И. конуунун<br>Б. конууга<br>Т. конууну<br>Ж. конууда<br>Ч. конуудан | Самолёт конууга аргасыз болду. |

## Кыймыл атоочтордо атооч сөздөргө да, этиш сөздөргө да тиешелүү касиеттери

### Кыймыл атоочтордун этиштик белгилери

| Кыймыл атоочтор | Мисалы |
|---|---|
| 1. Атооч деп аталып, атооч сөз түркүмдөрүнө өтүп бараткары менен кыймыл атоочтордун түпкү тегиндеги кыймыл-аракет, ал-абал маанилери жоголбой жүрүп олтурат: | *окуу > оку-; жазуу > жаз-; билиш > бил-; келмек > кел ж.б.* |
| 2. Тутумунда этиштин мамиле көрсөткүчтөрүн сактап, мамилелик маанилерди өзүлөрү менен кошо ала жүрөт. | Мисалы:<br>Чыгармачыл ойлонуудан ийгилик жаралат.<br>Төлөн спорт боюнча билдирүү жасады.<br><br>Каниет тамаша айтып, досторун күлдүрмөй болду.<br>Гузел көчөгө чыгарда ар дайым жасаныш керек деп ойлойт. |
| 3. Айрым учурларда кыймыл атоочтор этиштик баштапкы касиетин сактап, өздөрү менен бирге келген атооч сөздөрдүн тигил же бул жөндөмөдө келишин талап кылат. | Мисалы:<br>Балдар экскурсияга чыкмай болушту. |

# Кыймыл атоочтордун атоочтук белгилери

| Кыймыл атоочтор | | Мисалы |
|---|---|---|
| **1. Кыймыл-аракет маанисин эмес, атооч маанисин билдирет.**<br>**Мисалы:** ***Жакшы болуу аста-аста, жаман болуу бир паста.*** | ***тик> тигүү-; көр> көрүү-; бил > билиш-; бар > бармак- ж.б.*** | **Жазында көп бак тиктик(этиш).**<br>**Короого бак тигүү (кыймыл атооч)бизге жагат.** |
| **2.Зат атоочтун категориялары менен өзгөрүүгө да жөндөмдүү.**<br>***Таандык болуп өзгөрөт*** | **Жекелик сан**<br>**I жак басуум**<br>**II жак басууң**<br>**III жак басуусу**<br>**Көптүк сан**<br>**I басуубуз**<br>**II басууңар**<br>**III басуусу** | **Барган сайын басуусу арбыды.** |
| **Жөндөлөт** | **А. конуу**<br>**И. конуунун**<br>**Б. конууга**<br>**Т. конууну**<br>**Ж. конууда**<br>**Ч. конуудан** | **Самолет конууга аргасыз болду.** |

# Кыймыл атоочтордун окшоштуктары жана айырмачылыктары

## Окшоштуктары

| Кыймыл атооч | | Зат атооч |
|---|---|---|
| 1. Кыймыл-аракеттин белгиси катары келип, түрдүү кырдаалын билдирет. | Байкесине *жолукканы (эмнеге?)* кетти. | Киного *кечинде (качан?)* барабыз. |
| 2.Морфологиялык жактан өзгөрүүгө учурабайт. | Сезимдерин ыр менен *төгүп* турду. | Окуя *заматта (качан?)* болуп өттү. |
| 3. Сүйлөмдө бышыктоочтук милдетти аткарат. | Ал көргөн көзүнө *ишенбей* карап турду. | Көк майсаңга *чалкалап (кантип?)* жатты. |
| 4. Чакчылдар кээ бир белгилери боюнча тактоочко жакындашат жана негизги кыймыл-аракеттин аткарылыш максатын, себебин, мезгилин, абалын билдирет. | Күн *жылый* түштү | Чоң ата неберелерине *жай* сүйлөдү. |

## Айырмачылыктары

| Чакчылдар | | Тактоочтор |
|---|---|---|
| 1. Чакчылдарды жасоочу сөз жасоочу мүчөсү жок, ал эми тактоочтордун сөз жасоочу мүчөлөрү бар. | Кылган эрдигине *мактан+а* сүйлөдү. | Алыстан *кол булгалап (кантип?)* чакырды. |

# Жандоочтор

**Сүйлөмдө атооч сөздөрдү жандап, аларды башка сөздөр менен айкалыштырып, ар кыл грамматикалык маанини билдирген сөздөр жандоочтор деп аталат**

**Кыргыз тилинде жандоочторго** ***аркылуу, ары, башка, баштап, бери, бетер, бойдон, бойлой, бойлоп, бою, боюнча,гана, да, дейре (дере), деле, жараша, жете, жөнүндө, жуук, илгери, караганда, карай, карата, ката, катар, кийин, көздөй, көрө, көрөкчө, менен, мурун, өңдүү, сайын, сөрөй, соң, сымак, сымал, сыңар, сыяктуу, тарта, тартып, тууралуу, чакты,чалыш, чамалуу, чамасында, чейин (дейин), шекилде, шекилдүү*** **жана башка сөздөр кирет.**

**Төмөнкү жандоочторду пайдаланып, сүрөткө карата текст түзгүлө:**

***баштап, бери, бойлоп, деле, жуук,илгери, карата,***
***менен, мурун, өңдүү, сайын, сөрөй, соң, сымак,***
***сымал, сыңар, сыяктуу, тарта, тартып, тууралуу, чакты, кийин,***
***аркылуу,чейин, көздөй, бойлото***







**Кыргыз тилиндеги жандоочтор кайсы жөндөмөлөр менен жанашып айтыларына карай төрткө бөлүнөт**

**Атооч жөндөмөсү менен айкашуучу жандоочтор**

***Мисалы:*** *аркылуу, бою, бойдон, боюнча, жөнүндө, менен, өңдүү, сайын, сыяктуу, тууралуу, шекилдүү ж.б.*

**Барыш жөндөмөсү менен айкашуучу жандоочтор**

***Мисалы:*** *дейре, караганда, карай, карата, чейин ж.б.*

**Табыш жөндөмөсү менен айкашуучу жандоочтор**

***Мисалы:*** *бойлоп, бойлой,ката, көздөй ж.б.*

**Чыгыш жөндөмөсү менен айкашуучу жандоочтор**

***Мисалы:*** *ары, башка, баштан, бетер, бери, кийин, көрө, мурун, соң, тартып ж.б.*

**Жандоочтордун маани берүүчү сөз түркүмдөрүнөн айырмачылыгы**

| | |
|---|---|
| Жандоочтор өз алдынча эч кандай суроого жооп бере албайт жана өздөрүнөн мурда келген атооч сөздөрдү жандап, аларга кошумча грамматикалык маани беришет. | Маани берүүчү сөз түркүмдөрү лексикалык жана грамматикалык мааниге ээ, белгилүү бир суроого жооп берип, өз алдынча синтаксистик кызматты аткарат. |
| **Мисалы:** Үйдөн ары чыкпайт. | **Мисалы:** Ары көздөй чыкпа. |
| Менден башка эч ким билбейт. | Башка иш тапшырылды. |
| Кечээтен баштап билинди. | Үйүрдү баштап баратат. |
| Эртеден бери күттүм. | Бери көздөй басты. |
| Алыңа жараша иш кыл. | Эмгегине жараша бааланды. |

# Байламталар

**Сүйлөмдөгү сөздөрдү, сөз айкаштарын жана татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдү бири-бири менен байланыштырып турган кызматчы сөздөрдү байламталар дейбиз.**

**Кыргыз тилинде байламталар түзулүшүнө карай *жөнөкөй* жана *татаал* байламталар болуп экиге бөлүнөт**

**Бир эле сөздөн турган байламталарды *жөнөкөй байламталар* дейбиз.**

**Алар: *а, ары, бирок, болбосо, да, дагы, деле, жаки, жана, мейли, менен, нары, не, себеби, эгер, эгерде ж.б.***

**Эки же андан көп сөздөн турган байламталарды *татаал байламталар* дейбиз.**

**Алар: *ал эми, андай болсо, анткен менен, жана да, же болбосо, кандай ... ошондой, канчалык ...ошончолук, неге десең, ошол себептуу, ошондой болгону менен, ошондой болсо да, ошон үчүн, эгерде ... ошондо ж.б.***



Байламталардын маанисине карай бөлүнүшү
Ажыраткыч
болбосо, же,
же болбосо, не
Байланыштыргыч
ары, да, дагы, дале,
жана, жана да,
жана дагы, менен,
нары
Салыштырма
кандай ... ошондой,
канча ... ошончо,
канчалык ...
ошончолук
Каршылагыч
а, ал эми, андай болсо
да, анткени, анткен
менен, антсе да,
бирок, бирок да, деген
менен, ошентсе да,
ошондо да, ошондой
болгону менен,
ошондой болсо да
Себеп
андыктан,
анткени, аның үчүн,
неге десең, ошол
себептүү, ошонун
натыйжасында, ошон
үчүн, себеби, эмне
үчүн десең
Шарттуу
эгер, эгерде.

# Байламталарга коюлуучу тыныш белгилер

| Жалпы эрежелер | Мисалдар |
|---|---|
| ***Жана, менен*** **байламталары эки сөздү гана өз ара тутумдаштыра алат, бирок ал сөздөрдүн араларында эч кандай тыным болбойт. Ошондуктан ал сөздөрдүн аралары үтүр менен ажыратылбайт.** | **Бермет жана Айдай бөбөктөргө белек таратышты.**<br>**Адам менен жаратылыш тыгыз байланышта.** |
| ***Ары//нары, да//дагы//дале//деле, же//не, же болбосо*** **сыяктуу байламталар эки же андан көп бир өңчөй мүчөлөрдү тутумдаштырат,** ***бирок дагы, дале, деле*** **байламталары өзүнүн алдындагы сөзгө, ары//нары,** ***же//не, же болбосо*** **өзүнөн кийинки сөзгө таандык болуп айтылат. Ошондуктан да (*дагы, дале, деле*) экиден көп бир өңчөй мүчөлөрдү тутумдаштыра турган болсо, бул байламтанын эң акыркысынан башкасынан кийин үтүр коюлат.** | **Окуучулар көрүүчүлөргө ары жагымдуу, ары уккулуктуу ыр тартуулашты.**<br><br>**Тоолор дагы, бактар дагы, талаалар дагы жомоктогудай көрк берип турду.** |
| ***Жана, ары, да, же, же болбосо*** **деген байламталар сүйлөм менен сүйлөмдү да байланыштырат.** | **Биз дайыма анын бакчасына барчубуз жана алмаларды жыйноого жардам берчүбүз.**<br>**Атам бизди бир карап алды да, аңгемесин улантты.** |

## Байламталарга коюлуучу тыныш белгилер

| **Жалпы эрежелер** | **Мисалдар** |
|---|---|
| ***Антсе да //ошентсе да, анткени, себеби, бирок, андыктан//ошондуктан, ошондо да//ошондо дагы, анткени менен//ошенткени менен, ошондой болгону менен, неге десең, эмне үчүн десең, ошон үчүн, аның үчүн, ошол себептүү, эгер, эгерде*** **сыяктуу байламталар сүйлөм менен сүйлөмдү гана тутумдаштырат. Алар кийинки сүйлөмгө таандык болуп айтылгандыктан, үтүр белгиси байламталардан мурун коюлат.** | **Бир заматта эл чогула калды, бирок эмне окуя болгонун түшүнүшкөн жок.** |
| **Айрым учурда *да* байламтасы *же, жана* сыяктуу байламталардан мурда айтылат. *Да* байламтасынан кийин үтүр белгиси коюлат да, ал эми *же, жана* өзүнөн кийин айтылуучу сөзгө же сүйлөмгө таандык болуп айтылат.** | **Мен жайында көлгө барам, же ата-энем менен шаарда калам.** |
| **Байламта *да* багыныңкы сүйлөмдөгү шарттуу ыңгайдын -са мүчөсү менен аяктаган баяндоочунан кийин келип, багыныңкы сүйлөмдөгү ой баш сүйлөмдө айтылган ойго карама-каршы мааниде колдонулгандыгын билдирет . Бул учурда үтүр белгиси *да* байламтасынан кийин коюлат.** | **Дасторкондо бардыгы жайнап турса да, апасыз үй көңүлсүз.** |


Бөлүкчөлөрдүн маанисине карай бөлүнүшү
Аныкта-гыч-тактагыч:
Да, деле, дагы, так, как, куду
Күчөткүч:
өтө, абдан, эң, түк, чымкый, ого бетер, ылгый, өңчөй, дегеле, тим эле, жөн эле
Тангыч:
эч
Сурама:
ээ, ыя
Божомолдоо-күмөндөө:
го, бейм, белем
Жалыныч:
гой
Чектегич:
гана, эле

# Бөлүкчөлөрдүн маанисине карай бөлүнүшү

| Бөлүкчөлөр | Мисалдар |
|---|---|
| **Чектегич:** *гана, эле* | Досум кол жетпес нерселерди *гана* самайт. Баягыдай *эле* токтоо сүйлөдү. |
| **Жалыныч:** *гой* | Атаңдын жанына жакын отура **гой**. |
| **Божомолдоо-күмөндөө:** *го, бейм, белем* | Эсептин жообу туура чыгат **го**. Алыс кетмек **белем**, кечкурун кайра эле келем. Үйүнө барып ойлогон **бейм**. Оң жооп бергенине караганда. |
| **Сурама:** *ээ, ыя* | Айылга качан барасың, **ыя**? Кечинде сөзсүз жомок окуп беремин, **ээ**? |
| **Тангыч:** *эч* | **Эч** болбосо телефон чалып тур. |
| **Күчөткүч:** *өтө, абдан, эң, түк, чымкый, ого бетер, ылгый, өңчөй, дегеле, тим эле, жөн эле* | Сагызган **абдан** сак болот. Куштардын **эң** алгыры бүркүт болот. Шамал **ого бетер** күчөдү. Кездеменин арасынан **өңчөй** кызылын тандап алдык. |
| **Аныктагыч-тактагыч:** *да, деле, дагы, так, как, куду* | Тамак бышкан маалда атам **да** үйгө келип калды. Досум **куду** меники сыяктуу күчүк сатып алыптыр. Кеч киргендиктен, биз **дагы** үйгө кайттык. |

# Модаль сөздөр

**Модаль сөздөр сүйлөмдө айтылуучу ойдун чындыкка карата болгон ар түрдүү катышы жөнүндө сүйлөөчүнүн көз карашын билдирет.**

**Модаль деген термин латындын *«модус» — способ (жол, ык)* деген сөзүнөн алынган. Тактап айтканда, тиги же бу кыймыл-аракетти иш жүзүнө (чындыкка) ашырууга мүмкүндүгүн, зарылдыгын, айтылган ойдун аткарыларына ишенгендикти, же күмөндүүлүктү, кандайдыр бир окуянын болгондугу анык, же болжолдуу экендигин билдирет.**


**Модаль сөздөргө төмөнкүлөр кирет: *албетте, арийне, балким, мүмкүң, ыктымал, чамасы, болжолу, сыягы, кыязы, чагымда, чындыгында, ырас, сөзсүз, шексиз, керек, тийиш, көрүнөт, чыгар, окшойт, өңдөнөт, сыяктуу, шекилдүү, имиш, дейм, ооба, кана.***

**Алар маанисине карай эки негизги топко бөлүнөт:**

**1. Ойдун чындыкка дал келүүсүн ырастап, бекемдеп, макул болуу маанисин билдирүүчү модалдык сөздөр: *акыйкатта, албетте, арийне, дурус, сөзсүз, чындыгында, чынында, шексиз, ырас ж.б.***

**2. Ойдун чындыкка дал келүүсүнө божомол жана күмөндүүлүк маани берүүчү модалдык сөздөр: *балким, болжолу, керек, кыязы, мүмкүн, өңдөнөт,сыягы, сыяктуу, чагымда, шекилдүү ж.б.***

# Модаль сөздөр жана аларга коюлуучу тыныш белгилер

| Модаль сөздөр | Схемасы | Мисалдар |
|---|---|---|
| *1. Ырас, чындыгында, албетте, балким, арийне, кыязы, чамасы,болжолу, сыягы,шексиз, сөзсүз, чагымда ж.б.*<br>**Жогорудагы модал сөздөр:**<br>✓ *сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарбайт;*<br>✓ *башка сүйлөм мүчөлөрү менен грамматикалык жактан байланышпайт;*<br>✓ *суроого жооп бербейт;*<br>✓ *сүйлөм ичинде өзүнөн кийин, мурун же эки жагынан үтр менен ажырайт.* |  | *1. Албетте, Дүйшөн өзү да менин бул абалымды жакшы билип калды.*<br>*2. Дүйшөн өзү да менин бул абалымды жакшы билип калды, албетте .*<br>*3. Дүйшөн өзү да ,албетте, менин бул абалымды жакшы билип калды,* |
| *2. Сөзсүз, шексиз,* кээде *албетте, балким, мүмкүн* **модаль сөздөрү сүйлөмдүн баяндоочунун алдында келсе, үтүр менен ажыратылбайт:** | | *1. Сизге кирүүгө мүмкүн бекен?*<br>*2. Ааламдын кең экени чексиз тура.*<br>*3. Бирөөгө кылган жакшылык сөзсүз кайтат.* |
| *3. Керек, мүмкүн, имиш, ыктымал, көрүнөт, чыгар, окшойт, өңдөнөт, дейм, ырас, тийиш* **баяндоочтун курамында келсе, үтүр белгиси коюлбайт.** | | *1. Бала кезге дагы бир кайрылып келдим көрүнөт.*<br>*2. Бүгүн өз алдыбызча болуп, эшикте көп жүрүп койдук окшойт.*<br>*3. Жакын жерден дагы качары ыктымал.* |
| *4. Болжолу, чамасы, сыяктанат, тийиш модаль сөздөрү заттык мааниде колдонулуп, айрым суроолорго жооп берип, айрым сүйлөм мүчөсүнүн милдетин аткарат.* | | *1. Сүрөтчү баланын чамасын байкап көрдү. (эмнесин? толуктооч)*<br>*2. Сынактын убактысы болжолдонду. ( эмне кылынды? баяндооч)*<br>*3. Биз мекенди коргоого тийишпиз.* |